УДК 821.512.154.09
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-199-203

Орозалиева Т.К.
Ош мамлекеттик педагогикалык университети
Орозалиева Т.К.
Ошский государственный педагогический университет
Orozalieva T.K.
Osh State Pedagogical University

КЫРГЫЗ ЖАЗУУЧУЛАРЫНЫН ПРОЗА ЖАНРЫНЫН ӨНҮГҮШҮНӨ КОШКОН САЛЫМЫ
ВКЛАД КЫРГЫЗСКИХ ПИСАТЕЛЕЙ В РАЗВИТИЕ ЖАНРА ПРОЗЫ
THE CONTRIBUTION OF KYRGYZ WRITERS TO THE DEVELOPMENT OF THE PROSE GENRE

Кыскача мүнөздөмө: Бул илимий макалада кыргыз адабиятындагы проза жанрынын жаралуу тарыхы, калыптануу баскычтары жана бүгүнкү күнгө чейинки эволюциялык өнүгүүсү комплекстүү түрдө изилдөөгө алынган. Автор кыргыз прозасынын өнүгүшүн чоң дайрага куйган булактарга салыштырып, адабий процесске салым кошкон ар бир муундун ордун жана маанисин кеңири талдайт. Изилдөөнүн негизги өзөгүн кыргыз прозасынын генезиси жана анын элдик оозеки чыгармачылык (фольклор) менен болгон терең, органикалык байланышы түзөт. Макалада К. Баялинов, М. Элебаев, Т. Сыдыкбеков, К. Жантөшев сыяктуу улуттук прозанын түптөөчүлөрүнөн баштап, реализмдин бийик үлгүсүн жараткан Ч. Айтматовго жана горизонтту кеңейткен кийинки муундун өкүлдөрүнө (Т. Касымбеков, М. Гапаров, К. Жусупов ж.б.) чейинки жазуучулардын чыгармачылыгына сереп салынат. Автор 1920–30-жылдардагы адабий процесске өзгөчө көңүл бөлүп, кыргыз элинин поэтикалык ой жүгүртүүдөн профессионалдык прозалык ойлоого өтүүдөгү психологиялык жана эстетикалык кыйынчылыктарын ачып берет. Атап айтканда, А. Токомбаевдин «Күүнүн сыры» аңгемеси, К. Жантөшевдин «Каныбек» жана Т. Сыдыкбековдун «Кең-Суу» романдарынын мисалында фольклордук сюжеттерди жана эпикалык формаларды алгач механикалык түрдө колдонуудан бара-бара аларды чыгармачылык менен иштеп чыгууга жана реалисттик сүрөттөөгө өтүү процесси иликтенген. Ошондой эле макалада коомдук-тарыхый шарттардын, социалисттик түзүлүштүн жана коңшу элдердин (казак, орус) адабиятынын кыргыз прозасынын калыптанышына тийгизген таасири каралат. Макаланын илимий баалуулугу менен катар практикалык мааниси да зор. Анда жаңыдан калем кармаган жаш жазуучулар үчүн кыргыз прозасынын табиятынан үлгү алуу, улуттук колоритти сактоо менен универсалдуу, жалпы адамзаттык идеяларды чагылдыруунун жолдору көрсөтүлгөн. Жыйынтыгында, бул эмгек кыргыз прозасынын фольклордон реализмге чейинки басып өткөн татаал тарыхый жолун, жанрдык табиятын жана көркөмдүк-эстетикалык өзгөчөлүктөрүн терең түшүнүүгө өбөлгө түзөт.

Аннотация: В данной научной статье комплексно исследуются история возникновения, этапы становления и эволюционное развитие жанра прозы в кыргызской литературе до настоящего времени. Автор сравнивает развитие кыргызской прозы с источниками, вливающимися в большую реку, и подробно анализирует роль и значение каждого поколения, внесшего вклад в литературный процесс. Основу исследования составляют генезис кыргызской прозы и её глубокая органическая связь с устным народным творчеством (фольклором). В статье представлен обзор творчества писателей — от основателей национальной прозы К. Баялинова, М. Элебаева, Т. Сыдыкбекова, К. Джантошева до Ч. Айтматова, создавшего высокие образцы реализма, и представителей последующего поколения, расширивших литературные горизонты (Т. Касымбеков, М. Гапаров, К. Жусупов и др.). Автор уделяет особое внимание литературному процессу 1920–30-х годов, раскрывая психологические и эстетические трудности перехода кыргызского народа от поэтического мышления к профессиональному прозаическому мышлению. В частности, на примере рассказа А. Токомбаева

«Күүнүн сыры» («Тайна мелодии»), романов К. Джантошева «Каныбек» и Т. Сыдыкбекова «Кен-Суу» исследуется процесс перехода от первоначального механического использования фольклорных сюжетов и эпических форм к их постепенной творческой переработке и реалистическому изображению. Также в статье рассматривается влияние общественно-исторических условий, социалистического строя и литературы соседних народов (казахского и русского) на становление кыргызской прозы. Наряду с научной ценностью статья имеет большое практическое значение. В ней показаны пути, позволяющие начинающим писателям опираться на традиции кыргызской прозы и, сохраняя национальный колорит, отражать универсальные, общечеловеческие идеи. В итоге данный труд способствует глубокому пониманию сложного исторического пути кыргызской прозы от фольклора к реализму, её жанровой природы и художественно-эстетических особенностей.

Abstract: This research paper provides a comprehensive study of the origins, stages of formation, and evolutionary development of the prose genre in Kyrgyz literature up to the present day. The author compares the development of Kyrgyz prose to tributaries flowing into a great river and analyzes in detail the role and significance of each generation that has contributed to the literary process. The core of the research is the genesis of Kyrgyz prose and its deep organic connection with oral folk tradition (folklore). The article provides an overview of the works of writers ranging from the founders of national prose, such as K. Bayalinov, M. Elebaev, T. Sydykbekov, and K. Jantoshev, to Ch. Aitmatov, who created outstanding examples of realism, and representatives of the subsequent generation who expanded literary horizons (T. Kasymbekov, M. Gaparov, K. Jusupov, etc.). The author pays particular attention to the literary process of the 1920s–30s, revealing the psychological and aesthetic difficulties involved in the transition of the Kyrgyz people from poetic thinking to professional prose writing. In particular, using A. Tokombaev's short story *Kyunun Syry* (*The Secret of the Melody*), K. Jantoshev's novel *Kanybek*, and T. Sydykbekov's novel *Ken-Suu* as examples, the study examines the transition from the initial mechanical use of folklore plots and epic forms to their gradual creative adaptation and realistic representation. The article also examines the influence of socio-historical conditions, the socialist system, and the literature of neighboring peoples (Kazakh and Russian) on the formation of Kyrgyz prose. In addition to its scholarly value, the article has considerable practical significance. It outlines ways for aspiring writers to draw on the traditions of Kyrgyz prose and to express universal human ideas while preserving national character. In conclusion, this study contributes to a deeper understanding of the complex historical path of Kyrgyz prose from folklore to realism, as well as its genre characteristics and artistic and aesthetic features.

Негизги сөздөр: проза; жанр; адабий процесс; фольклор; роман; реализм; социализм; улуттук колорит; көркөм горизонт; метод.

Ключевые слова: проза; жанр; литературный процесс; фольклор; роман; реализм; социализм; национальный колорит; художественный горизонт; метод.

Keywords: prose; genre; literary process; folklore; novel; realism; socialism; national color; literary horizon; method.

Адабият — чоң дайра, түгөнгүс көч. Анын өнүгүшү менен бирге проза жанры да байма-бай өнүгүп отурду.

Орус классикалык адабиятынын, кийинчерээк чет элдик жана боордош элдердин (мисалы, казак, өзбек) адабияттарынын таасири астында прозанын жаңы көрүнүштөрү пайда болду. Бул процессте кыргыз прозасынын мүмкүнчүлүктөрү алда канча кеңейип, сюжеттик, композициялык жана стилдик жактан байыды. Жалпы адабиятыбызда омоктуу орду бар мыкты прозалык чыгармалар жаралды десек болот. Адабиятыбыздын пайдубалын түптөгөн, проза жанрынын баштоочулары болгон аксакал жазуучуларыбызды сыймыктануу менен атоого болот. Алардын катарында К. Баялиновдун, М. Элебаевдин, Т. Сыдыкбековдун, К. Жантөшевдин, У. Абдукаимовдун өз таланттарына жараша калыптанган салттары жана нускалары бар.

Азыркы кыргыз прозасында Ч. Айтматовдун жалпы эле көп улуттуу совет адабиятынын казнасына айланган эң ажайып нускасы, реализмдин бийик салты өкүм сүрүп, жалпы адабий өнүгүшүбүзгө олуттуу таасирин тийгизүүдө. Андан кийинки жыйырма жылдын ичинде кыргыз прозасына белгилүү жазуучулар К. Каимов, Ш. Бейшеналиев, М. Борбугулов, Ж. Мавлянов, Ш. Садыбакасов, Т. Касымбеков, С. Өмүрбаев, алардын соңунан М. Гапаров, О. Орозбаев, К. Жусупов, А. Стамов, М. Байжиев, С. Жетимишев, А. Жакыпбеков жана башкалар романдары, повесттери, аңгемелери менен келип, кыргыз прозасынын горизонтун кеңейтти.

Ошентип, кийинки чейрек кылымда кыргыз прозасынын айдыңына келген жазуучулардын ар бир мууну чоң дайрага куйган булак катары кошулуп, ар бири өз талантынын кудуретине, табиятына жараша өз сөзүн айтып жатканы талашсыз [2, 116–117-бб.].

Изилдөөнүн каражаттары жана ыкмалары. Кыргыз прозасынын, жалпы эле адабиятынын жаралышы, өнүгүшү жөнүндө бир кыйла мазмундуу эмгектер жаралды. Бирок ошого карабастан, фольклор жана проза маселеси жалпы жонунан гана кеп кылынып, же такыр эле изилдөөгө алынбай келе жаткансыйт. Өткөн кылымдын 70-жылдарынан тартып советтик чыгыш элдеринин адабияттарында социалисттик реализм методунун өнүгүшүнө арналган бир катар конференциялар өткөрүлгөн.

Дүйнөдөгү бир да адабият сырткы жана ички таасирсиз өнүккөн эмес. Өзүнүн тамырынан ажырап калган, жалаң гана чоочун таасирдин суусун ичкен адабият сөздүн толук маанисинде адабият деген укукка ээ эмес. Ошентип, улуттук фольклор жаш жазма адабияттын калыптануу учурунда улуттук негизин түзүп, анын кийинки өнүгүшүнө да өбөлгө түзөт. Азыркы кыргыз адабиятынын жаралышын жана андан ары өнүгүшүн элдик оозеки чыгармачылык менен байланыштырбай кароо мүмкүн эмес.

Октябрь революциясынын натыйжасында жаралган кыргыз жазма адабиятынын генезиси «Манас» башында турган эпосторго, жалпы эле элдик оозеки чыгармачылыкка барып такалат. Кыргыз прозасынын жаралып, өнүгө баштаган учурундагы көркөм каражаттардын бардык системасы элдин поэтикалык салттары менен өтө тыгыз байланышта болгон. Чынында да, кыргыз адабияты өзүнүн калыптанышынан баштап дээрлик азыркы учурга чейин фольклордон азыктанып келет. Элдик оозеки чыгармачылык жазма адабияттын негизги башаттарынын бири гана болуп эсептелбестен, анын соңку өнүгүшүндө акын-жазуучулар үчүн көркөмдүүлүктүн түгөнгүс казынасы катары кызмат өтөп келгендиги белгилүү. Кыргыздын төл башы калемгерлеринин бири Касым Тыныстанов биринчилерден болуп 1924-жылы эл оозундагы Жаңыл Мырза жөнүндөгү белгилүү сюжетке кайрылып, «Жаңыл Мырза» поэмасын жараткан. Анда автор фольклордук материалды алдына койгон чыгармачылык максатына жараша иштеп чыккан десек болот [3, 89-б.].

Совет бийлигинин алгачкы жылдарында кыргыз совет адабиятында поэзия негизги орунду ээледи. Бул элдин психологиялык жактан чыгармачылыктын поэтикалык формасын кабыл алууга көнүп калгандыгы менен түшүндүрүлөт. Ал эми проза жанрынын калыптанышы фольклордук психологиядан профессионалдык чыгармачылык ойлоого өтүү процессинде ишке ашкан жана жаңыдан жаралып жаткан көркөм системанын курамдык бөлүгү болгон. Совет бийлигинин жылдарында жарала баштаган профессионалдык прозанын өзгөчөлүгүн, спецификасын аныктоого аны жараткан коомдук-тарыхый шарттарды талдоо жардам берет. Социалисттик шарттагы кыргыз элинин улуттук өзүн-өзү аңдап-билүүсүнүн ойгонушу көркөм ойлоонун горизонтунун кеңейишине мүмкүнчүлүк түзгөн. Турмуш чындыгынын тарыхый өнүгүү шартында турмушту ар тараптан талдоого жөндөмдүү, дүйнөнү жаңы көз караш менен кабыл алган жаңы проза жарала баштайт [1, 84–86-бб.].

Элдердин маданияттарынын түрдүү деңгээли субъективдүү, психофизиологиялык ж.б. факторлорго байланыштуу эмес. Ал улуттардын тарыхый-экономикалык жана маданий өнүгүүсүнүн ар түрдүү шарттарына байланыштуу болот. Октябрь революциясына чейин ар түрдүү улуттардын адабияттары бирдей эмес көркөм тажрыйбага, сапатка жана жазма көркөм салттын деңгээлине ээ болгон. Шарттуу түрдө айрым типтүү окшош белгилерге ээ болгон адабияттардын топторун ажыратып көрсөтүүгө болот.

Проза жанры жазма адабияты бар элдерде гана болуп келгендиги белгилүү. Ал эми бизде мурда жазма адабият өнүкпөгөндүгүнө байланыштуу азыркы профессионалдык жазма адабият оозеки поэзиядан башталган. Турмуш койгон жаңы талаптарды, ошондой эле башка бир катар көркөмдүк-идеялык проблемаларды ишке ашыруу үчүн кыргыз жазуучулары адабияттын ар түрдүү жанрларын да өздөштүрүүлөрү зарыл болгон.

Кыргыз адабиятында роман, повесть жана башка прозалык чыгармалардын келип чыгышына эң биринчи кезекте жаңы социалдык-коомдук турмуш түрткү берди. Жаңыдан үйрөнүп, жаңы жанрларды өздөштүрө баштаган жаш авторлор кыргыз элинин турмушун кеңири полотнодо сүрөттөөгө багыт алышты. Натыйжада ушул жылдары «Мариям менен көл боюнда», «Үйлөнүүдөн качты», «Ажар» аңгемелеринен кийин 30-жылдарда «Каныбек», «Узак жол» романдары, «Жараланган жүрөк», «Эки жаш», «Азаматтар» аттуу повесттер, «Күүнүн сыры» сыяктуу аңгемелер жаралды. Албетте, эң алгачкы прозалык тажрыйбалардан экенине карабастан, жогоруда аталган чыгармаларда реалисттик башталмалардын да орун алгандыгын көрсөтө кетүүгө тийишпиз [4, 204–206-бб.].

30-жылдарда фольклорго кайрылууда кыргыз прозачылары ар түрдүү ыкмаларды пайдаланышкан. Аны иштеп чыгуунун ар кандай формаларын издешкен. Айрымдарын фольклордогу жанрлардын бөтөнчөлүктөрү кызыктырса, кээ бирөөлөрүн баяндоонун стили же фольклордук образдардын психологиялык, романтикалык жактары кызыктырган. 30-жылдарда фольклордук сюжеттин негизинде жазылган А. Токомбаевдин «Күүнүн сыры» аңгемесинде кыргыз турмушундагы качанкы бир өткөн окуя баяндалат. Бул чыгарма жөнүндө профессор К. Асаналиев төмөнкүдөй дейт: «А. Токомбаевдин “Жараланган жүрөк” аттуу китебиндеги эң күчтүү эмоциялык таасир берүүчү чыгарма — “Күүнүн сыры”. Элдик байыркы уламанын негизинде жазылган бул аңгемени жанрдык жагынан алып караганда проза менен жазылган лиро-романтикалык аңгеме деп тайманбай айтууга болот». Чындыгында эле А. Токомбаевдин бүткүл чыгармачылыгына тиешелүү болгон романтикалуулук 30-жылдардагы чыгармаларынан эле байкалат [6, 156-б.].

30-жылдардагы адабият жөнүндө сөз болгондо Т. Сыдыкбековдун «Темир» романынын айланасында бир топ пикирлер айтылган. Т. Сыдыкбековдун чыгармачылыгын кеңири иликтеген профессор А. И. Мусаев: «Ал кездеги Т. Сыдыкбековдун көркөмдүк аң-сезиминде фольклордук стереотиптердин али күчтүү экендигин, реалдуу көркөм образдарды сүрөттөөдө алардын таасири болгондугу эч кандай татаалдык туудурбайт. Бирок реалдуу турмуштагы реалдуу жагдайларды сөзсүз түрдө эле эпикалык формулага такап, ошонун нугу менен түшүндүрүү, албетте, полемикага чакырбай койбойт. Анткени кадимкидей реалисттик мүмкүнчүлүктөрү калыптанып калган улуттук адабияттагы ар бир сюжеттик мотивди, окуяны, кырдаалды сөзсүз түрдө эпикалык формуланын “көчүрмөсү”, “көчөтү” катарында кароого болбойт», — деп калыс баалайт.

Жазуучулар 20-жылдарда элдик сюжеттерди көбүнчө механикалык кайталоо менен чектелсе, 30-жылдарда фольклорго чыгармачылык менен мамиле кыла баштаганын жогорудагы мисалдан көрүүгө болот. Бул ошол кездеги калемгерлердин изденүүчүлүк, чыгармачылык тажрыйбалары чыңала баштагандыгынын бир мисалы болуп саналат. Мындай деп айтуу бир сапаттык абалдан экинчи сапаттык абалга «секирик» жасоо деп түшүнүүгө болбойт. А. Токомбаев «Курманбекти», Т. Сыдыкбеков «Капкакбайды» жазганда өз алдынча оригиналдуу, индивидуалдуу чыгарма жаратуу аң-сезими ойгоно элек деп болжолдоого болот. Алар али жазма адабиятты интенсивдүү түшүнүп, анын дарбазасын даап ачып, ичине кирүүгө ишенимдүү кадам таштай албай турушкан. Анын үстүнө улуттук адабиятта жазма прозанын үлгүсү да жок болчу.

Бул жагдайда казак адабиятынын тажрыйбасы эске келет. Маселен, казак адабиятында мурда күчтүү өнүккөн поэзияга жанаша Абайдын, Алтынсариндин прозалык чыгармалары да адабият тарыхында өз изин калтырды. Казак классиктеринин бул адабий салты кийинки казак прозасынын өнүгүшүнө, анын ичинде С. Сейфуллиндин, М. Ауэзовдун, С. Мукановдун, С. Мустафиндин прозасынын өнүгүп, гүлдөшүнө өз салымын кошкону талашсыз [5, 123–125-бб.].

Ошентип, А. Токомбаевдин прозалык чыгармаларындагы көтөрүңкү сүрөттөөлөр, романтикалуулук — анын акындык табиятына байланыштуу келип чыккан көрүнүш. Бул касиет анын прозасына поэтикалык өң берип, сезимди ойготуп, окурмандын кызыгып окуусуна шарт түзөт.

А. Токомбаевдин «Күүнүн сыры», «Даат», «Жол жомогу», «Акылмандын жообу» сыяктуу аңгемелеринин негизги сюжеттик курулушу да карыялардын, акылман кишилердин айткан баяндарына түздөн-түз байланышта түзүлгөн. Мындай ыкма, биринчиден, баяндоодо элдик оозеки чыгармачылыкка мүнөздүү формаларды чыгармачылык менен колдонууга мүмкүнчүлүк түзсө, экинчиден, карыялардын кыска баяндарындагы элдик акылмандыкты, даанышмандыкты пайдалануу аркылуу образдарды ачып берүүгө жакшы жол ачкан. Каармандарды мүнөздөөдө, окуялардын өнүгүшүн баяндоодо автор элдик оозеки чыгармачылыктын көркөм каражаттарына да кайрылат. Фольклордук салтты ыктуу пайдалануу менен реалисттик стилдин айкалышканы ачык көрүнөт.

Ошентип, фольклор менен профессионалдык адабияттын прозадагы айкалышы бул чыгармалардын көркөмдүк табиятын, идеялык-эстетикалык өзгөчөлүгүн аныктап турат. Жыйынтыктап айтканда, Экинчи дүйнөлүк согушка чейин кыргыз жазуучулары расмий идеологиянын талаптарына жараша эне тилинде өз элинин эски жана жаңы замандагы коомдук, үй-бүлөлүк, жеке адамдык турмушундагы окуялар тизмегин, көрүнүштөр комплексин, адам тагдырларын кызыктуу баяндап, жандуу сүрөттөп берүү өнөрүн үйрөнүшүп, бул багытта бир кыйла алдыга кете алышкан. Жогоруда аталган адабият өкүлдөрүнүн салымы менен бүгүнкү күндө проза жанры жогорку деңгээлде өнүктү десек болот.

Колдонулган адабияттар

1. Асаналиев К. Тандалмалар. — Фрунзе: Кыргызстан, 1983.
2. Мусаев А. И. Кыргыз прозасынын өсүш жолдору. — Фрунзе: Илим, 1984.
3. Баялинов К. Тандалмалар. — Фрунзе: Кыргызстан, 1980.
4. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. 1-т. — Фрунзе: Илим, 1987. — 820 б.
5. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. 2-т. — Фрунзе: Илим, 1990. — 694 б.
6. Кыдырбаева Р., Асаналиев К. Кыргыз адабий илиминин терминдер сөздүгү. - Бишкек, 2004. - 572 б.

Рецензент: филология илимдеринин кандидаты, доцент Токтосунова Айдың Мамасадыковна

УДК 378(575.2)(043.3)
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-203-208

Орозобекова Ж.Б.
Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы
Орозобекова Ж.Б.
Кыргызская государственная медицинская академия
Orozobekova Zh.B.
Kyrgyz State Medical Academy

ORCID 0009-0008-1047-1443